| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>ЖАНЫ-АРЫК АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>ЖАНЫ-АРЫКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Жаны-Арык айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын**
**VI-кезектеги сессиясынын**
**Токтому №13/2**

Жаны-Арык айылы — 2022-жылдын 18-августу

**Нарын облустук «Теңир-Тоо» өнүктүрүү фондуна долбоорлорду сунуштоо жөнүндө**

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Карымшаковдун сунушун карап, айылдык кенештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Жаны-Арык айылдык Кенешинин VI-кезектеги сессиясы, **токтом кылат:**

1. Жаңы-Арык айыл аймагындагы Балдардын күрөш залынын имаратын капиталдык ремонттон өткөрүү жана Р.Солтонбеков атындагы орто мектебине кичи футболдук талаа куруу боюнча долбоорлору социалдык долбоор катары Нарын облустук «Теңир-Тоо» өнүктүрүү фондуна сунушталсын;

2. Долбоорлорду өткөрүүдө смета түздүрүү, архитектура тарабынан даярдалуучу иш кагаздарын даярдоодо керектелүүчү акча каражаттары айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен каралып, чечилип берилсин;

3. Бул долбоорлордун сметалык жана тиешелүү иш кагаздарын даярдоо, Нарын облустук «Теңир-Тоо» өнүктүрүү фондуна тапшыруу жана токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Жаны-Арык айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Карымшаковго тапшырылсын;

**Төрайым:** **М.Акматалиева**